DOI:10.26104/NNTIK.2022.51.24.046

*Джоошбекова З.Р.*

## БОЛОЧОК МУГАЛИМДЕРДИ КӨП МАДАНИЯТТУУЛУККА ТАРБИЯЛОО КӨЙГӨЙҮНҮН ИЛИМИЙ-ПЕДАГОГИКАЛЫК АДАБИЯТТАРДА ИЗИЛДЕНИШИ

*Джоошбекова З.Р.*

## ИССЛЕДОВАНИЕ ПРОБЛЕМЫ ПОЛИКУЛЬТУРНОГО ВОСПИТАНИЯ БУДУЩИХ УЧИТЕЛЕЙ В НАУЧНО-ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ ЛИТЕРАТУРЕ

*Z. Djooshbekova*

## RESEARCH OF THE PROBLEM OF MULTICULTURAL EDUCATION OF FUTURE TEACHERS IN SCIENTIFIC AND PEDAGOGICAL LITERATURE

*УДК: 37.013*

*Бул макалада көп маданияттуу билим берүү жана көп маданияттуулукка тарбиялоо боюнча Кыргыз Республикасында кабыл алынган концепциянын мааниси жөнүндө түшүнүктөр берилген. Болочок мугалимдерди көп маданияттуулукка тарбиялоо проблемасынын дүйнөлүк, Россиялык, Борбор Азия мамлекеттеринин жана Кырызстандын окумуштуулары тарабынан изилдениши жөнүндө маалыматтар берилген. Канадада көп маданияттуу билим берүүнү өнүктүрүүгө Дж. Бэнкс, К. Грант, Ч. Нието, К. Слитер, П. Рэмси сыяктуу америкалык окумуштуулар изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн. Дж. Бэнкс мультикультурализм инсанга ыңгайлуу чөйрөдөөзүн коопсуз сезүүгө жана өз маданиятынын артыкчылыктарын гана колдонууга мүмкүндүк берет деп эсептейт. «Мультикультурализмдин теориясынын» өкүлдөрү М. Гордон, Н. Смелцер ж.б. окумуштуулар мультикультурализмдин система түзүүчү өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөтүшкөн: ар кандай маданияттын өкүлү өзүн коопсуз сезе турган жана бирдей укуктарга ээ болгон эркин коом;көп маданияттуулук – коомдун өнүгүшүнүн негизги элементи катары; адамдын өз маданиятында да (микромаданиятта) да, жалпы улуттук маданиятта да (макромаданиятта) өзүн өзү аныктоонун шарттары жөнүндө ойлор айтылган. Орус окумуштууларынан Балицкая И.В., Джуринский А.Н., Свириденко Ю.С., ж.б. көп маданияттуулукка тарбиялоо боюнча изилдөөлөрдү улантышкан. Кыргыз окумуштууларынын ичинен Асипова Н., Адылбек кызы Гүлназ, К.Б. Алдашева, Е.Ш. Нусубалиевалардын көп маданияттуулук боюнча изилдөөлөрү жөнүндө берилген.*

***Негизги сөздөр**: маданият, мугалим, көп маданияттуу, билим берүү, тарбиялоо концепциясы, окуу иш-аракети, болочок мугалимдер, изилдөөлөр.*

*Эта статья дает представление о концепции поликультурного образования и поликультурного образования в Кыргызской Республике. Имеются сведения об изучении проблемы поликультурного образования будущих учителей учеными разных стран мира, России, Средней Азии и Кыргызстана. Американские ученые, такие как Дж. Бэнкс, К. Грант, Ч. Нието, К. Слитер, П. Рэмси проводили исследования развития поликультурного образования в Канаде. Дж. Бэнкс считает, что мультикультурализм позволяет человеку чувствовать себя в безопасности в комфортной среде и пользоваться только благами собственной культуры. Представители «теории мультикультурализма» М. Гордон, Н. Смелцер и другие. Исследователи выделяют системные черты мультикультурализма: свободное общество, в котором люди разных культур чувствуют себя в безопасности и имеют равные права; мультикультурализм – как ключевой элемент развития общества; Мысли об условиях самоопределения, как в собственной культуре (микрокультура), так и в национальной культуре (макрокультура). Среди российских ученых Балицкая И.В., Джуринский А.Н., Свириденко Ю.С. и др. продолжали исследований в области поликультурного образования. Среди кыргызских ученых Асипова Н., Адылбек кызы Гулназ, Алдашева К.Б., Нусубалиева Е.С. исследовали по мультикультурным исследованиям.*

***Ключевые слова:** культура, учитель, поликультура, образование, концепция воспитания, учебная деятельность, будущие учителя, исследования.*

*This article provides insights into the concept of multicultural education and multicultural education in the Kyrgyz Republic. There is information about the study of the problem of multicultural education of future teachers by scientists from around the world, Russia, Central Asia and Kyrgyzstan. American scholars such as J. Banks, K. Grant, C. Nieto, K. Slyther, P.Ramsey have conducted research on the development of multicultural education in Canada. J. Banks believes that multiculturalism allows a person to feel safe in a comfortable environment and enjoy only the benefits of their own culture. Representatives of the "theory of multiculturalism" M. Gordon, N. Smelzer and others. Researchers have identified systemic features of multiculturalism: a free society in which people of different cultures feel safe and have equal rights; multiculturalism - as a key element of society development; Thoughts on the conditions of self-determination, both in one's own culture (microculture) and in the national culture (macroculture). Among Russian scientists Balitskaya IV, Dzhurinsky AN, Sviridenko YS, etc. continued research. Among the Kyrgyz scientists are Asipova N., Adylbek kyzy Gulnaz, KB Aldasheva, ES Nusubalieva on multicultural research.*

***Key words:** culture, teacher, multiculture, education, concept of upbringing, educational activity, future teachers, research.*

Көп маданияттуулук заманбап адистин кесиптик компетенттүүлүгүнүн ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет. Коом ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрүнө жогорку кесиптик сапаттардан тышкары, көп маданияттуу ой жүгүртүүгө ээ болушу керек деген жаңы талаптарды коет. Бул жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларында жана программаларында билим берүү мүмкүнчүлүктөрү коомду консолидациялоо, өлкөнүн бирдиктүү социалдык-маданий мейкиндигин сактоо, жеке укуктардын артыкчылыгына, улуттук маданияттардын бирдей укуктарына жана ар кандай конфессияларга негизделген социалдык чыр-чатактарды жеңүү, социалдык теңсиздикти чектөө үчүн толук пайда-

ланылышы керек жана көп маданияттуу чөйрөнүн өнүгүшү көп маданияттуу билим берүүнүн актуалдуулугун аныктоочу көптөгөн факторлордун таасири астында болуп өттү жана болуп жатат деп айтылат [1, 12].

Көп маданияттуу билим берүү жана көп маданияттуулукка тарбиялоо боюнча Концепция билим берүү системасын көп түрдүү маданият жана көп тилдүү билим берүү жаатындагы заманбап талаптарга шайкеш реформалоо боюнча негизги документ болуп саналат. Көп маданияттуу билим берүүнүн Кыргыз Республикасында ар түрдүү себептер менен байланышкан өзгөчө мааниси бар:

❖ Кыргызстандыктардын атуулдук улутун жаратуу процесси. Кыргыз Республикасы жаш көз каранды эмес мамлекет болуп саналгандыктан, ал үчүн атуулдук биримдик жана өлкөнүн өнүгүшү үчүн республиканын бардык жашоочуларынын күч-аракеттерин бириктирүү маанилүү маселе болуп эсептелет.

❖ Республиканын этномаданий жана тилдик көп түрдүүлүгү. Кыргыз Республикасынын аймагында көп кылымдар бою өз тарыхы, тили жана маданий бөтөнчөлүктөрү бар ондогон ар кандай этникалык топтор жашап келе жатат. Мындай шартта этникалык маданияттын кайра жаратуу жана өнүктүрүү, жалпы улуттук ынтымакты сактоо үчүн алардын өз ара карым катышына шарт түзүү маанилүү маселе.

❖ Бир нече улуттук топтордун өкүлдөрүнүн этникалык мамлекеттүүлүгү жок, ошон үчүн аларга мүнөздүү өзүнчө бөтөнчөлүү маданиятты сактоо үчүн өлкөнүн жоопкерчилиги жогорулайт.

❖ Моноэтникалык аймактарда жашаган жаштарды көп түрдүү чөйрөгө ыңгайлаштыруу зарылдыгы. Көп түрдүү маданият орун алган областтар жана шаарлардан сырткары аймактардын айрым бөлүгү негизинен бир улуттан турат. Моноэтникалык аймактарда туулуп өскөн балдардын мууну көп түрдүү маданият орун алган чөйрөгө келгенде ыңгайлашуудан кыйналышат. Өлкөнүн маданий көп түрдүүлүгүн билүү жана көп түрдүү маданияттавшкан коомдо аралашып жашоо мындай шартта табигый жол менен ишке ашпайт, билим берүү системасынан күч-аракеттерди жумшоону талап кылат.

❖ Субэтникалык (кландык жана уруучулук) карама-каршылыктар. Өткөөл мезгилде жашоо шарттарынын начарлашы ар кандай үй-бүлөлүк жана кландык тилектештиктин көрүнүштөрүн күчөтүп, социалдык-экономикалык татаал кырдаалга ыңгайлашууга жардам берди. Ошол эле учурда уруулук, жердештик жана этникалык дүйнө таанымдын негизинде эриш-аркак биригүү республикадагы саясий кырдаалга таасирин көргөзүп, көп учурда терс көрүнүштөр менен коштолууда. (Шайлоолорду уюштуруу маалында, ресурстарды бөлүштүрүү учурунда) [6, 2].

Бул Концепция көп маданияттуу билим берүү жана көп маданнияттуулукка тарбиялоо боюнча өлкөдө жана чет мамлекеттерде жүргүзүлгөн изилдөөлөргө негизделген, ошондой эле анда эл аралык тажрыйбалар дагы эске алынган.

Концепция эл аралык деңгээлде кабыл алынган заманбап идеяларды жана мамилелерди өнүктүрөт. Инсанды өнүктүрүүдө көп түрдүү маданияттагы билим жана тарбия берүүнүн ургалдуулугун эске алуу менен мамлекет жана жалпы адамзат 1996-жылы болгон ЮНЕСКОнун Эларалык комиссиясынын XXI кылымдагы билим берүү маселелери боюнча Жака Делора жетекчилик кылган конференциясында классикалык билим берүүнүн «**таанып билүүгө окуу** (билим; *knowledge)*; **кылганды окуп үйрөнүү** *(*жөндөм*; skills);* **жашаганды окуп үйрөнүү** (нарктуу мамилелер*; attitude)* парадигмасына жаңы элемент – **чогуу жашаганды окуп үйрөнүү -** киргизилген. Бул эң маанилүү максатка жетишүүдө окуучуларды башкалар менен жанаша жашоого, башкаларды сабырдуулук, ой-пикирлердин плюрализмин урматтоонун духунда түшүнүүгө тарбиялоодо билим берүү системасынын ролун баса көрсөтөт [3, 5].

Көп маданияттуу билим берүү жана көп маданияттуулукка тарбиялоо маселеси чет мамлекеттерде окумуштуулар тарабынан изилденген. Канадада полимаданий билим берүүнү өнүктүрүүгө Дж. Бэнкс, К. Грант, Ч. Нието, К. Слитер, П. Рэмси сыяктуу америкалык окумуштуулар чоң салым кошушкан. Алар Батыш чөлкөмүндө полимаданий билим берүү концепциясын негиздөөчүлөр болуп саналышат. Канадада полимаданий билим берүүнү өнүктүрүү этап-этабы менен өнүккөн, 1970-жылдан тартып өлкөдө маданий-агартуу иш-чаралары менен катар эки тилдүү программалар пайда боло баштаган. 1980-2000-жылдары студенттердин көп маданияттуу компетенциялары мугалимдерди даярдоо программаларына киргизилген. Канаданын полимаданий билиминин өнүгүшүнө АКШ чоң таасир эткен. Америка Кошмо Штаттарында полимаданий билим берүүнүн өнүгүшүнүн башында этноцентризмдин педагогикалык идеялары үстөмдүк кылган. Акыр-аягы, бул идеялар актуалдуулугун жоготуп, алардын ордун маданий плюрализм идеясы ээледи.

Көп маданияттуу билим берүүнү иликтеген Америка Кошмо Штаттарынын эң жаркын өкүлдөрүнүн бири Джеймс Бэнкс болуп саналат. Дж. Бэнкс мектептеги көп маданияттуубилим берүү коомду өнүктүрүүнүн ажырагыс элементи экендигин жактаган. Анын ою боюнча мектеп – ар түрдүү маданият өкүлдөрүнүн ортосундагы өз ара байланышты орнотуу үчүн негизги курал курал болуп саналат. Анын көп маданияттуу билим берүү концепциясынын негизин «мультикультурализмдин теориясы» түзөт.

Дж. Бэнкс мультикультурализм инсанга ыңгайлуу чөйрөдө өзүн коопсуз сезүүгө жана өз маданияты-

нын артыкчылыктарын гана колдонууга мүмкүндүк берет деп эсептейт. «Мультикультурализмдин теориясынын» өкүлдөрү М. Гордон, Н. Смелцер ж.б. окумуштуулар мультикультурализм-дин система түзүүчү өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөтүшкөн:

- ар кандай маданияттын өкүлү өзүн коопсуз сезе турган жана бирдей укуктарга ээ болгон эркин коом;

- көп маданияттуулук - коомдун өнүгүшүнүн негизги элементи катары;

- адамдын өз маданиятында да (микромаданиятта) да, жалпы улуттук маданиятта да (макромаданиятта) өзүн өзү аныктоонун шарттары.

«Милтикультирализм теориясынын» алкагында адам өзүн маданий баалуулуктарынын алып жүрүүчүсү катары кабыл алынат, ошондой эле жалпы улуттук маданияттын өкүлү болуп саналат.

Дж. Бэнкс көп маданияттуу билим берүүнүн негизги максаты маданияттар аралык компетенттүүлүктү өнүктүрүү деп атайт.

Ал маданияттар аралык компетенттүүлүккө ар түрдүү маданий чөйрөдө иштөө үчүн зарыл болгон билимдер, мамилелер жана практикалык көндүмдөр керектүү деп аныктайт. Батыш изилдөөчүлөрү көп маданияттуу педагогиканы полиэтникалык коомдо жарандык билим берүү үчүн келечектүү деп эсептешет [4]. Дж.Бэнкс көп маданияттуу билим берүүнүн төмөнкү милдеттерин белгилейт:

1) Адамга өзүнүн маданиятын ишке ашырууга жана башка маданияттардын маанисин жана өндүрүмдүүлүгүн түшүнүүгө жардам берүү;

2) Окуучуларга башка маданияттар жөнүндө билим берүү, этникалык альтернативалар менен тааныштыруу;

3) Студент өзүнүн маданий тобунда жана үстөмдүк кылган тайпада ийгиликке жетишүүсү үчүн окуучуларга билим жана көндүмдөрдү алууга жардам берүү;

4) Окуучуларга окууга, жазууга, санаганга ж.б. алардын турмуштук тажрыйбасы жана маданий чөйрөсү менен байланышкан материалдар жана мисалдарды өздөштүрүүгө жардам берүү. Дж. Бэнкс билим берүүнүн мазмуну тарых жана турмуштук тажрыйба менен жыйынтыкталышы керектигин баса белгилеген.

Алардын изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары Балицкая И.В., Джуринский А.Н., Свириденко Ю.С. ж.б. изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде чагылдырылган. Балицкая И.В. Канададагы полимаданий билим берүүнүн өнүгүү этаптары менен салыштырылган Канадагы полимаданий билим берүүнүн негизги идеяларын жана концепцияларын баса белгилеген:

- Көп маданияттуу билим берүү аркылуу бирдей мүмкүнчүлүктөрдү берүү (Дж. Бэнкс);
- критикалык педагогика (С. Нието); Соня Нието төрт деңгээлге бөлүнгөн көп маданияттуу билим берүү моделин сунуш кылат:

1) **Сабырдуулук**. С. Нието бул деңгээлди эң негизги деп эсептейт. Билим берүү мекемелериндеги ар бир инсан сабырдуу болууга тийиш деген ойду баса белгилеген.

2) **Кабыл алуу.** Маданий көп түрдүүлүк орун алган билим берүү мекемелеринде кош тилдүү программалар ишке киргизилди. Мындай билим берүү чөйрөсү окуучу же студент чоң маданияттын чөйрөсүнө (англис тилдүү чөйрөгө) өтмөйүнчө жарактуу болот. Мектептерде өткөрүлүүчү ар түрдүү багыттагы иш-чаралар өз эне тилинде өткөрүлөт.

3) **Урматтоо.** Башка маданияттын өкүлдөрүн кабыл алуу жана аларга сукталуу. Эне тилиндеги программаларды киргизүү, окуу планы жалгыз маданияттын окуучуларынын тажрыйбасына жана баалуулугуна негизделген сабаттуулукту өнүктүрүү максатында түзүлөт.

4) **Ырастоо, тилектештик жана сын.** Бул көп маданияттуу билим берүүнү өнүктүрүүнүн эң жогорку деңгээли. Мындай деңгээлдеги билим берүү мекемеси окуу иш-аракетин азчылыктын тили жана маданияты мыйзамдуу деп таанылган чөйрөдө жүргүзөт. Маданияттардын кагылышуусу, алардын айырмачылыктары, маданияттын өзгөрүшү мүмкүн экенин таануу бул деңгээлдин ачык белгилери болуп саналат. Бул деңгээлде адамдар конфликттен качууга аракет кылышпайт, анткени бул билим берүү процессинин ажырагыс элементи.

Жогорудагы изилдөөлөрдү эске алып, эксперттер белгилегендей, көп маданияттуу билим берүү билим берүүнүн жана тарбиялоонун натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган [5, 44-б.].

В.П. Борисенковдун, О.В. Гукаленконун жана А.Я. Данилюктун изилдөөлөрүндө көп маданияттуу билим берүү жана көп маданияттуулукка тарбиялоо – бул инсан тарабынан маданияттын баалуулуктарын таанып билүүсү, аларды көбөйтүү жана сактоо боюнча билим, билгичтиктерин өнүктүрүү, сабырдуулукка, гумандуулукка жана ынтымакка негизделген тарбия аркылуу маданият, адам, тарых, табият жана коом жөнүндө билимдерин өнүктүрүү деп каралат. В.В. Макаев, З.А. Малькова, Л.Л. Супруновалар «Көп маданияттуу билим берүү – көп маданияттуу чөйрөдө активдүү жана эффективдүү түрдө жашай алган, башка маданияттарды түшүнө жана урматтай алган, түрдүү улуттар, расалар, диндер менен болгон адамдар менен ынтымактуу жашай алган, маданий жана жөндөмдүү инсанды өстүрүү болуп эсептелет» - деп белгилешет.

Көп маданияттуу билим берүүнү орус педагогу А.Н. Джуринский үч топко бөлүп карайт. Алар: «плюрализм», «тендик», «биримдик» түшүнүктөрү. Биринчи учурда маданий көп түрдүүлүктөрдү сыйлоо жана

сактоо, экинчи учурда болсо билим берүүдөгү жана тарбиялоодогу тең укуктуулуктарды колдоо, үчүнчү учурда болсо жалпы улуттук саясий, экономикалык, руханий баалуулуктарга тарбиялоо жөнүндө айткан [6, 31-б.].

Кыргызстанда мектеп окуучуларына көп маданияттуу билим берүүнүн теориялык-методологиялык негиздери, маданият таануучулук өңүттөн изилдениши Н.А. Асипованын эмгектеринде түптөлгөн. Айрым аспекттери, тактап айтканда, кенже класс окуучуларына көп маданияттуу билим берүү маселеси Адылбек кызы Гулназ, Г.Б. Кучиковалардын, толеранттуулукка тарбиялоо маселеси К.М. Миталиповдун, студенттердин маданияттар аралык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары А.А. Жолчиеванын, Э.Ш. Нусубалиеванын, Г.М. Сидорованын диссертациялык иштеринде каралган [7, 13-б.].

Ошентип, көп маданияттуу билим берүү жана көп маданияттуулукка тарбиялоо проблемалары XX кылымдын аягында активдүү изилдене баштагандыгы белгилүү болду. Алгачкы изилдөөлөр Канадада АКШнын окумуштуулары тарабынан жүргүзүлгөн. Алардын изилдөөлөрүн орус окумуштуулары улантышкандыгы жөнүндө жогоруда белгилеп кеттик. Ата Мекендик окумуштуулар да бул проблема боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүшүп, жыйынтыктарды чыгарышкан. Азыркы мезгилде дагы бул проблема боюнча окумуштуулар тарабынан изилденүүдө.

**Адабияттар:**


1. Сидорова М.Г. «Формирование профессиональной поликультурной компетентности студентов гуманитарных специальностей», диссертция. - Бишкек, 2014. - С. 12.
2. Кыргыз Республикасынын көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүү концепциясы, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин коллегиясынын 2008-жыл, 24-апрелдеги №3/1 чечими менен бекитилген, январь, 2009-жыл. - 2-б.
3. Кыргыз Республикасынын көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүү концепциясы, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин коллегиясынын 2008-жыл, 24-апрелдеги №3/1 чечими менен бекитилген, январь, 2009-жыл. - 5-б.
4. Banks J.A. Multicultural Education: Development. Dimensions and Challenges. // Phi Delta Kappa. - 1993. - September; Luchtenberg S. The European Dimension and Multicultiral Education: Compatible or Contradictory Concepts. // Paper Presented at the Conference of the CESE. - Copenhagen, 1994.
5. Джуринский А.Н. Проблемы поликультурного воспитания в зарубежной педагогике. // Вопросы философии. - 2007.- № 10. - С. 44.
6. Бабаев Д.Б., Джоошбекова З.Р., Джоошбекова А.Р. Билим берүү системасындагы көп маданияттуулукка. // ОшМУнун жарчысы. – 2020. - 31-б.
7. Эргешали кызы Айчүрөк. Өспүрүм курактагы окуучуларды чет тилин окутуу аркылуу көп маданияттуулукка тарбиялоонун педагогкалык шарттары (англис тилин окутуунун мисалында) диссертация. - Бишкек, 2018. - 13-б.
8. http://www.science-journal.kg/media/Papers/ivk/2016/10/ivk - 2016-N10-125-127.pdf.
9. http://www.sciencejournal.kg/media/Papers/ivk/2021/3/%D0%98%D0%92%D0%9A-3_257-261.pdf